Бир ок менен эки коён аткым келди, Бир убакта эки кызга жаккым келди. Бирисинен бириси өткөн сулуу, Бери кел деп көзүн кысып, кылат белги. Эркесине энтигип эрте барамын, Экинчиден эптеп чыгам, шылтоо табамын. Билип калды биринчим, баары түгөндү, Эки тоонун уларын эрте самдым. [Кайырма] Коёнектер көзү тегерек, Кетпегиле көрбөй тебелеп. Экөөңдү бирдей жактырган, Өзүмдү жүрөм жемелеп. Жүрөгүм бош, көңүл да бош, кыя албадым, Экөөсүнө үлгүрүп мен гүлүм арнадым. Башка кызга барат ал деп сырымды ачып, Айтып салдың, эх,досум, көрө албадың.